Кыргыз Республикасынын
Көк бөрү Федерациясы
коомдук бирикмесинин
Президенти Р. Джунусалиев
_______________
"08" январь 2025 ж.

**2025-жылы көк бөрү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу аймактарынын арасында өтө турган мелдештин жобосу.**

**1. Максаты**

- Көк-Бөрү оюнун өнүктүрүү;
- Жарандарды ат мингенге, спортко, чыйрак жана таза жашоо өткөрүүгө чакыруу;
- Кыргыз Республикасынын ичиндеги улакчылардын жана күйөрмандардын ынтымагын бекемдөө;
- Кыргыз Республикасынын курама командасына улакчыларды жана аттарды даярдоо.

**2. Уюштуруу тобу, өткөрүү убактысы**

2.1 Мелдешти Кыргыз Республикасынын "Көк бөрү" Федерациясы Спорттун улуттук турлору боюнча Дирекциясы менен биргеликте өткөрөт;

2.2 Мелдеш 2025-жылдын 19-23 февраль күндөрү өтөт;

**3. Катышуучулар**

3.1 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу аймактарынын ортосундагы көк бөрү оюну боюнча мелдеш Кыргыз Республикасынын аймагында жаңы түзүлгөн административдик-территориялдык реформанын негизинде өткөрүлөт:

- 7 облустан жана Бишкек, Ош шаарларынан бирден гана команда катыша алат;

3.2 Мелдештерге катышууга каттоо, командалар тарабынан Федерацияга берилүүчү билдирме аркылуу жүргүзүлөт. Билдирмени берүү мөөнөтү 2025 жылдын 18-февралына чейин;

3.3 Билдирмелерге коюлуучу талаптар:

- Командалардагы оюнчулардын жана аттардын саны 12 болуусу шарт;
- Билдирмелер кагаз түрүндө берилип жана Федерациянын электрондук сайтына киргизилүүсү шарт;
- Командада жергиликтүү өз алдынча аймактардын гана өкүлдөрү болуусу шарт. Кайсы жергиликтүү өз алдынча аймактын өкүлүн экендигин тастыктоочу документ болуп калкты тейлөө борборунан жашагандыгы тууралуу маалымдама же жашаган жериндеги айыл өкмөттөн  алынган маалымдама менен катыша алат;

- 2024-жылдын февраль айында өткөн “Райондор аралык Республикалык мелдеште” катышкан оюнчу кайсы райондун курамында ойносо, ошол районго тиешелүү айыл аймактын курамында гана ойной алат. (Жогорудагы мелдеште Ош жана Бишкек шаарларынын курамында ойногон оюнчулар өздөрүнүн аймактарына гана ойной алат)

## 4. Оюндарды уюштуруу шарттары

4.1 Оюндар Кыргыз Республикасынын “Көк Бөрү” Федерациясы тарабынан бекитилген эрежеге ылайык өткөрүлөт.

4.2 Билдирме берген жана билдирмелери бардык талаптарга жооп берген командалардын санына жараша тайпаларга бөлүнүп оюндар өткөрүлөт.

4.3 Мелдеш учурунда кайсы бир оюнчунун ойноп жаткан аймакка тиешеси жок экендиги аныкталса, ошол оюнчу билдирмедеги аты менен кошо мелдештен четтетилет.

**Эскертме: Мелдеш учурунда командадагы аттын буту сынып же өлүп калса, калыстардын далилдөөсүнөн кийин ордуна башка ат кошууга уруксат.**